УДК:371: 37.01 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-27-34

**Мурзаев М.С.**
психология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДАГЫ ТАШБЕК ДАТКАНЫН ОБРАЗЫ

**Аннотация.** Макалада төрт көркөм чыгармада: Туяк ырчынын "Ташбек датка" ырында, экинчиси жазуучу Акбаралы Мусабековдун "Дарыялар жайыкта кошулушат" аттуу романында, үчүнчүсү Э.Эрматовдун "Ташбек датка" поэмасында, төртүнчүсү Тазагүл Закированын "Кош мунар: Алымкул аталык, Ташбек датка" аттуу тарыхый даректүү баянында Ташбек датканын образынын ачып берилиши жөнүндө сөз болот.

Кыргыз элинин сакталышына, өнүгүшүнө өзүнүн салымын кошкон Ташбек датканын эл ичинен суурулуп чыгып, ордо ишине аралашып, Кокон хандыгы учурунда өз элинин өнүгүшү үчүн жасаган иштери: хандыктагы орду, согуштук-саясый ишмердиги, хандыкты жана элди сактоодогу эрдиктери ж.б. ачып берилет. Ошондой эле анын падышалык Оруссия мезгилинде Кыргызстандын Түштүк-батыш чөлкөмүндө үч жолу бий болуп шайланып, аймактын структуралык-территориялык жактан жана калктын социалдык-маданий жактан өнүгүшүн уюштурууга, өнүктүрүүгө кошкон салымы жөнүндө сөз болот.

Жогоруда аталган төрт көркөм чыгармада Ташбек датканын жоокердик, жетекчилик ж.б. бүт сапаттары элестүү ачыкталып, анын инсандык өзгөчөлүктөрү ар тараптан ачып көрсөтүлүп, датканын элден иши, билими жана ыйманы менен ар тараптан айырмалангандыгын таасын сүрөттөп Ташбек датканын психологиялык портретин жаратылган.

**Негизги сөздөр**: Алымкул аталык, Ташбек датка, тарыхый инсан, эл, Кокон хандыгы, ордо, бий, жоокердик, жетекчилик, инсандык өзгөчөлүктөр, психологиялык портрет.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## ОБРАЗ ТАШБЕК ДАТКИ В ХУДОЖСТВЕННЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ

**Аннотация.** В статье рассматривается образ Ташбек датки в четырех художественных произведениях: первое в песне «Ташбек датка» Туяка, второе в романе «Дарыялар жайыкта кошулушат» писателя Акбаралы Мусабекова, третье в поэме «Ташбек датка» акына Э. Эрматова, четвёртая в историческо-документалном произведение Тазагул Закировой «Два башня: Алымкул аталык, Ташбек датка».

**В перечисленных поизведениях раскрывается образа Ташбек Датки волей судьбы, оказавший в ханском дворе качественно выполняя свои обязанности приобрел**

**авторитет и доверие хана. В дальнейшем он внес свой вклад в сохранение и развитие кыргызского народа во времена Коконского ханства.** Также он трижды избирался бием в Юго-Западном регионе юга Кыргызстана в период царской России, где он способствовал организации и развитию структурно-территориального и социокультурного развития данного региона.

**Его позиция в ханстве, его военная и политическая деятельность, его храбрость в защите ханства от врагов и работы по развития своего народа и т.д. сделала его авторитетным человеком в ханском орде и среди населения**.

За достойную работу в дворце ханство Ташбек удостоен звание Датка и направлен в Кашгар организовать новые территории, подчиненные ханству. Где ярко раскрылись все его качества талантливого воина и организатора.

В вышеупомянутых четырех произведениях создан образ искусного воина Ташбек Датки, который отличается от других людей своим трудолюбием, образованием и верностью к своим обещаниям. Также раскрыты со всех сторон его талант руководителя и личностные характеристики, создан психологический портрет.

**Ключевые слова:** Алымкул аталык, Ташбек датка, историческая личность, народ, Кокондское ханство, ордо, бий, воинственность, лидерство, личностные качества, психологический портрет.

**Murzaev M.S.**
candidate of psychological sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mamatali54@mail.ru

## IMAGE OF TASHBEK DATKA IN WORKS OF ART

**Abstract.** In the article, there are four works of art: in the song "Tashbek datka" by the singer Tuyak, and in the novel by the writer Akbaraly Musabekov "The Rivers Join in the Summer",the third one is in the poem "Tashbek datka" by E. Ermatov, and the fourth one is about the revelation of the image of Tashbek datka in the historical documentary "Kosh munar: Alymkul atalyk, Tashbek datka" by Tazagul Zakirova.

The actions of Tashbek Datka, who contributed to the preservation and development of the Kyrgyz people, went out from the people, got involved in court work, and did for the development of his people during the Kokon Khanate:position in the khanate, military and political activities, bravery in protecting the khanate and the people, etc. will be revealed. Also, he was elected three times as the head of the South-West region of Kyrgyzstan during the period of Tsarist Russia, and his contribution to the organization and development of the region's structural-territorial and socio-cultural development of the population will be discussed.

In the above-mentioned four works of art, Tashbek Datka's military, leadership, etc. All his qualities are vividly revealed, his personal characteristics are revealed from all sides, and a psychological portrait of Datka Tashbek is created, describing how he differs from the people in many ways in his work, education and faith.

**Key words:** Alymkul paternalism, Tashbek datka, historical person, people, Kokon Khanate, court, dance, warrior, leadership, personality traits, psychological portrait.

Адабият таанууда көркөм чыгармалардагы психологиялык маселелер жөнүндө сөз болгондо психологизм (каармандын психологиясын, мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрүн, анын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан толгонууларын жана сезимдерин, алардын өнүгүп-өзгөрүшүнүн ачып берилиши) тууралуу сөз жүрөт.

Психологизм - көркөм чыгармаларда адамдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн чагылдырылышы, каармандардын жан дүйнөсүнүн, ички сезимдеринин, толгонууларынын, мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берилиши. Автордун каармандын жан дүйнөсүнүн өсүп өнүгүшүн, калыптануу этаптарын, сезимдеринин өнүгүп-өзгөрүшүн ж.б. психологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдөөсү, анын келип чыгуу себептерин түшүндүрүүсү [5, 264 б.].

Биз Ташбек датканын образы аркылуу көркөм чыгармалардагы адамдын психикасында жүрүүчү психикалык процесстер, абалдар жана кубулуштар кандай чагылдырылгандыгын - адамдын ички дүйнөсү, жекече психологиялык өзгөчөлүктөрү кандай сүрөттөлгөндүгүн ачып берүүгө аракеттенебиз.

Ар бир чоң инсан, айрыкча чыгармачыл киши, өзүнөн мурда жашап өткөн улуу инсандардын жасаган иштерине, калтырган мурасына өз баасын берип, аларга карап түздөлүп, өзүнүн чыгармачылык кредосун аныктап, изденүү максаттарын оңдоп-түзөп барат [6, 26 б.].

Кыргыз элинин тарыхында али изилдөөчүлдөрдүн колу тие элек темалар ого эле көп. Айрыкча тарыхый өнүгүү жолубузда элибиздин сакталышында, өнүгүшүндө чоң роль ойногон инсандардын көпчүлүгү тарыхтагы өз баасын ала элек десек туура болот. Ошондон кыргыз элинин сакталышына, өнүгүшүнө өзүнүн салымын кошкон тарыхый инсандардын бири - Ташбек датканын Кокон хандыгы учурунда өз элинин өнүгүшү үчүн жасаган барандуу эмгегинин (хандыктагы ордун, согуштук-саясый ишмердигин, хандыкты жана элди сактоодогу эрдиктери ж.б.) жана падышалык Оруссия мезгилинде үч жолу бий болуп шайланып, чөлкөмдүн структуралык-территориялык жактан жана калктын социалдык-маданий жактан өнүгүшүн уюштурууга, өнүктүрүүгө кошкон салымы бүгүнкү күнгө чейин тактала электиги жогоруда айткандарыбызга далил болот.

Ташбек датканын өмүрү жана жасаган эрдиктери жөнүндө элдин оозунда оозеки тарых катары айтылып жүргөнү менен, азырынча тарыхый илимий-изилдөөлөр жарала элек. Бирок анын эрдиги, элге кылган эмгеги эл оозунда айтылып, ырга кошулуп ооздон-оозго өтүп айтылып келет. Алгачкылардан болуп замандашы Молдо Нияз Ташбек датканы ырга кошуп, эрдигин даңазалаган.

Мезгилдин өтүшү менен ал жөнүндө ырлар жаралып, эрдиги көркөм сөздө баяндалып келет.

Азыркы күнгө чейин төрт көркөм чыгармада гана Ташбек датка жөнүндө кеңири сөз болот. Анын бири Туяк ырчынын “Ташбек датка” ыры болсо, экинчиси жазуучу Акбаралы Мусабековдун “Дарыялар жайыкта кошулушат” аттуу романы, үчүнчүсү Э.Эрматовдун “Ташбек датка” поэмасы. Төртүнчүсү Тазагүл Закированын “Кош мунар: Алымкул аталык, Ташбек датка” аттуу тарыхый даректүү баяны.

Туяк ырчынын өзгөчөлүгү адамды сөз менен өтө таамай, өтө элестүү сүрөттөп, психологиясын ачып бере алгандыгы “Ташбек датка” деген ырында таасын чагылат.

Туяк Ташбек датканын жоокердик, жетекчилик жана инсандык өзгөчөлүктөрүн ар тараптан ачып көрсөтүүдө, анын бүт сапаттарын санап олтуруп датканын элден иши, билими жана ыйманы менен ар тараптан айырмалангандыгын таасын сүрөттөп Ташбек датканын психологиялык портретин жараткан.

Ал “Ташбек датка” ырында ар тараптан датканын жоокердик, жетекчилик жана инсандык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүп, анын бүт сапаттарын санап олтуруп, анын психологиялык портретин жараткан. Аталган ыр Туяктын портретчил акын экендигин, анын психологиялык ойлорун, көз караштарын чагылдырып турат. Алсак, ал Ташбек датканы сыпаттоодо “Ыйманы жүргөн боюнда” деген ыр сабынан адамдын ыймандуу жүрүм-

турумунун башаты, өзөгү, булагы анын жан дүйнөсүндөгү ыйманы экендиги, денеде (акыл-эсте) ыйман болсо, ал ыймандуу жүрүм-турумдан көрүнөт деген идея берилип, ички акыл-эс менен тышкы жүрүм-турумдун байланышын чагылдырып берет [1, 78 б.].

Акбаралы Мусабековдун "Дарыялар жайыкта кошулушат" аттуу романында Ташбек датканын өмүрүнөн көп эпизоддорду пайдаланган: Кокон хандыгында аткарган иштери, айрыкча Кашкарда Жети шаар хандыгын түзүүдөгү эмгеги, эр жүрөктүүлүгү, уюштуруучтулугу ж.б. сапаттары кызыктуу окуяларда ар тарабынан өтө таасын сүрөттөлгөн. Романда анын Датка деген наамга татыктуу инсан болушу тарыхый окуялардын алкагында ар тараптан ачып берилген. Ташбек датка өзөчө сапаттарга ээ болгон үчүн Кокон хандыгы аны Кашкарга Жети шаар мамлекетин курууга жөнөткөн. Хандын тапшырмасы аткарылып, Жети шаар хандыгы курулган. Аны курууда, коргоодо, башкарууда Ташбек датканын ролу чоң болгон. Ошондой эле аталган романында Акбаралы Мусабеков Ташбек датканын жаркын элесин түзүп берүү менен бирге эле ошол мезгилдеги элдин турмушун, ар бир каармандын көркөм образдарын, Кокон хандыгы башынан өткөргөн тарыхый окуяларды ишенимдүү ачып бере алган.

Жогоруда аталган чыгармадан Ташбек датканын инсан катары өзгөчөлүктөрүн: акылмандыгын, жоокер катары эр жүрөктүүлүгүн, баатырдыгын, эл башчысы катары адилет жана карапайым калкка күйүмдүүлүгүн, уюштургучтугун жана эл жерди коргоо жаатында жасаган эрдиктерин, Кашкарда Жети шаар кандыгын куруудагы ролун, жалпысынан анын өмүр бою эл үчүн эмгектенип келгендигин билебиз [3, 386 б.].

Кайсы бир тарыхый же турмуштук окуя жаратмандын сезиминин өтө тереңинен орун алган учурда гана, аны чыгарма жаратууга түрткү берет эмеспи. Мына ошондон болсо керек, тубаса таланттын жана ар тараптуу терең билимдин ээси, мекенчил инсан, Кыргыз эл акыны Эгемберди Эрматовду өз чөлкөмүнөн чыккан баатыр - Ташбек датка жөнүндөгү эл ичинде айтылып жүргөн аңыз сөздөр, аны чыгармачылыкка шыктандырып, поэма жаратууга түрткү берген.

Эми Э.Эрматовдун "Ташбек датка" поэмасына кененирээк токтололу.

Мен эл ичинде Ташбек датка жөнүндө айтылып жүргөн аңыз сөздөрдү угуп, ал кишинин тагдырына кызыгуум өтө күчтүү кезде Э.Эрматовго жалпы эле тарыхый чыгармалардын, айрыкча "Ташбек датка" поэмасынын жазылышынын себептерин билүү максатында төмөнкүдөй суроо менен кайрылгам: "Сиздин көптөгөн поэмаларыңызда тарыхтын узак мезгили, миңдеген адамдардын тагдыры, эл тарыхы чагылдырылган. Андай тарыхый окуялар жөнүндө кайдан маалымат табасыз? Тарыхый материалдар, фактылар менен иштөө ыкмаңызды, тарыхый мазмундагы поэмаларды, ырларды жаратуу сырыңыз менен бөлүшө кетсеңиз?", - деген суроого, ал төмөнкүдөй жооп берген: "Бир чыгарма жазам деген адам көп окушу керек, көп билим алышы керек. Жалпы эле акын болуу үчүн көп окуш керек, көптү билиш керек. Мен бир тарыхый чыгарма жаратардан мурда өзүм аябай даярданам, көп окуйм. Жазайын деп жаткан теманы өтө терең үйрөнөм, андан кийин гана чыгарма жаратам.

"Ташбек датка" деген поэмам тарыхый инсан жөнүндө. Бала кезде элден Ташбек датка, Садир миң башы жөнүндө өтө көп уккамын. Ташбек датка менин коңшу айылымдан чыккан инсан. Ал жөнүндө сүйлөгөндө аксакалдар өтө сыймыктанып, тамшанып (суктанып, ал жөнүндө айтып жатканына сүйүнгөнүнөн көзүнө жаш алып) айтып беришчү эле. Ошол бала кезден тарта уккан Ташбек датка жөнүндөгү эл ичинде айтылып жүргөн аңыз сөздөр кийин поэмага айланды.

Ташбек датка  Кокон хандыгы тушунда өзүнүн акылдуулугу, кайраттуулугу менен элден суурулуп чыгып, ордого чакырылып, өзүнүн билгичтиги, эр жүрөктүүлүгү, тапкычтыгы менен ордодо кадыр баркка ээ болууга жетишип, Кокон хандыгындагы эң таасирлүү инсандардын бирине айланып “Датка” наамына ээ болгон жана көп жылдар эл башкарып, ордого кызмат кылган.

Кийин жергебизге Орус бийлиги келгенде эл ичинде кадыр-баркы жогору болгон Ташбек датканы өздөрүнө тартып, өздөрүнүн бийлигин жүргүзүүдө пайдаланган. Эл Ташбек датканы үч жолу өз чөлкөмүнө бий кылып шайлаган. Эл өз баатырын унутпай азыркы күнгө чейин эл ичинде ал жөнүндө айтылып жүргөн аңыз сөздөр жашап, уламыштар муундан муунга берилип, аны эскерип, даңктап келе жатышат.

Ал акылман, тубаса философ, тубаса жоокер, жакшы жетекчи болгон. Мен Ташбек датканын өмүрүнөн бир нече эпизодду гана поэмага айланткам.

Ташбек датка Исфайрамдан чыккан эң атактуу инсан. Исфайрамдын жээгиндеги айылдардан Жогорку кеңештин депутаттары, акимдер, мамлекеттик жогорку кызматта эмгектенгендер, окумуштуулар, мага окшогон акындар чыкты, бирок эч кимиси элге жасаган эмгеги, инсандык өзгөчөлүгү боюнча Ташбек даткадан ашып түшкөн жок.

Бир айта кетчү сөз, эл үчүн эмгек өтөгөн инсандар жөнүндө гана тарыхый чыгармаларды жазуу керек. Коңшу айылдын малын уурдап келген кишини баатыр деп айтуу, ал жөнүндө чыгарма жазуу туура эмес. Бир эл менен экинчи элди кайраштырган чыгарма тарыхый чыгарма эмес. Азыркы кезде жазылган тарыхый чыгармалардын кайсынысы сапаттуу да, кайсынысы сапатсыз экендигин тарых, мезгил өзү аныктайт”,-деп жооп берген [4, 85 б.].

Эгемберди Эрматовдун бул жообунан анын чыгармачылыкка жоопкерчиликтүү мамилеси, жалпы эле инсандык өзгөчөлүктөрү даана көрүнүп; кишинин эмгегин адилет баалоо, калыстык, чынчылдык сыяктуу сапаттар ага мүнөздүү экендиги, ошондой эле чыгармачылык изденүүнүн табияты, өзүнүн тарыхый чыгармалардын үстүнөн иштөө процесси,  тарыхый чыгарма жараткан инсанга жүктөлүүчү жоопкерчилик таасын көрүнөт.

Жогоруда Э.Эрматовдун айткандарынан кайсы бир тарыхый окуя жаратмандын сезиминин өтө тереңинен орун алган учурда гана, ал окуя ага чыгарма жаратууга түрткү берери, чыгарманын жаралышына негиз болору көзгө даана көрүнөт.

Э.Эрматовдун “Исфайрам авазы” жыйнагындагы “Ташбек датка” деген кичи поэмасынын жаралышы жөнүндө жогоруда айткандарынан, анын чыгарма жаратуу лабораториясы ачык көрүнөт. Акын маалыматты топтоштуруп, аны талдоонун, жалпылоонуну негизинде аны иштеп чыгып жаңы образдарды жалпылаштырып жаңы маалымат-көркөм образ берет.

Э.Эрматов поэмасында өз өрөөнүнөн чыгып, элге чоң кызмат кылган Ташбек датканын эмгеги унутулуп жатканына жаны кейип, анын эмгегин элге эскертүү үчүн Датканын өмүрүнөн үч эпизодду (биринчиси карызы бар бейтааныш жигитти доодон кутултканы, экинчиси хандын устаны чакыруу окуясы, үчүнчүсү ордодо ал жөнүндө ушак тараган учурда ханга түз барып өзүнүн ак экендигин далилдегендиги) баяндап, каардуу Кокон хандыгы тушунда Ташбектин жаш кезинен өзүнүн акылдуулугу, чечкиндүүлүгү, кайраттуулугу менен элден суурулуп чыккан чоң инсандардын бири болгондугун сүрөттөп берген. Ошондой эле ал акылдуулугу, чечкиндүүлүгү, тапкычтыгы, билгичтиги, эр жүрөктүүлүгү менен айырмаланып тургандыгын, кандан да, бийден да коркпой өз ой-пикирин айтып, кеп-кеңештерин бергендиги менен өзгөчөлөнгөн эр жүрөктүүлүгүн баяндайт. Ташбек датка ордодо кадыр-баркка ээ

болууга жетишип, Кокон хандыгындагы эң таасирлүү инсандардын бири катары элге өтө кадыр-барктуу болгондугун элестүү сүрөттөп берген.

Поэмадагы саптар:

Чечимин чыгарбады жеңил-желпи.

Миң жолу назар таштап бир нерсеге,

Акыркы жыйынтыкка анан келди [7, 174 б.].

Хан дагы билчү анын сылыктыгын,

Акылы, парасаты көп экенин.

Ойлогон ойлорунун тунуктугун,

Үмүттү өчүрбөгөн келечегин [7, 176 б.].

Биз бул поэмадан көп сабак алабыз, элдик баатырларды таанып-билип, тарыхый эс тутумубуз бекемделет.

Тазагүл Закированын "Кош мунар: Алымкул аталык, Ташбек датка" аттуу тарыхый даректүү баяны татаал түзүмгө ээ чыгарма [2, 160 б.]. Анда докуметтештирилген тарыхый маалыматтар, эл оозунда айтылып жүргөн тарыхый баяндар, авторлук изилдөөлөр, көз караштар жана ой толгоолор тыгыз бир чыгармага бириктирилип, эки улуу инсандын жаркын образы жаратылган.

Автор тарыхты жараткан Алымкул аталык менен Ташбек датканын жасаган иштерин, ойлорун, көз караштарын, ошол тарыхый мезгилди ж.б. ишенимдүү чагылдырып берген. Чыгарма жаратууга автордун жоопкерчиликтүү мамилеси: көп  окуп, көп изденгендиги сезилип турат. Автор Алымкул аталык менен Ташбек датканын уруусун, ата тегин, үй-бүлөсүн жана алардан тараган урпактары жөнүндө баалуу материалдарды таап, аны даректүү баянга билгичтик менен кийире алган. Китептеги эң кызыктуу жана баалуу нерсе - автор азыр тирүү жашап жаткан Алымкул аталык менен Ташбек датканын түздөн-түз урпактарын атайын издеп таап, алар менен жолугушуп, пикир алышып, алардан жаңы ишеничтүү маалыматтарды ала алгандыгында.

Т.Закирова тарыхтын татаал жолунда табышкан эки инсандын образын жаратууда көркөм чыгарма менен изилдөөчүлүктү айкалыштырып, тарыхый панараманы элестүү сүрөттөп берген жана каармандардын акылгөйлүгүн, зиректигин, кыраакылыгын, эр жүрөктүүлүгүн, чечкиндүүлүгүн жана баатырдыгын элестүү чагылдырып бере алган. Чыгарманы жазууда автордун көп окуп, көп изденгендиги (чыгарманын татаал түзүмү, даректүү факт-материалдарды ырааттуу кийирүү, аны көркөм образды ачып берүүдө билгичтик менен пайдалануу ж.б.) ачык байкалат.

Чыгармада турмуштун кандай кысталыш учурларында Алымкул аталык менен Ташбек датканын жолугуп таанышып калгандыгын, өз ара карым-катышын өнүгүшүн, бири-бирине болгон ишеничтин артыш себептери, ордо турмушу, хандыктагы саясат, анда Алымкул аталык менен Ташбек датканын жасаган иштери кеңири баяндалуу менен бирге эле, хандыктагы эл турмушу, ордодогу аялдардын хандыктагы саясый турмушта ээлеген орду да ишенимдүү ачып берилген.  Ошондой эле аталган чыгармада  элдин тарыхка болгон мамилеси, эс тутуму жана көз караштары чагылдырылат жана тарыхый оуяларга, тарыхый инсандарга карата автордун да өз көз карашы берилген.

Аталган чыгарманын тарбиялык мааниси чоң. Адамга баатырдык тубаса берилбестен тарбия аркылуу гана калыптангандыгына Алымкул аталык жаш кезинен Тагайкул таекеси менен чогуу жүрүп тагшалгандыгын, Ташбек датканы Алымкул аталык ордодо жанына алып

жүрүп, ордо иштерине катыштырып тарбиялагандыгы, ага эл башкаруу сырларын үйрөткөндүгүн ишенимдүү фактылар, окуялар аркылуу таасын чагылдырган.

Жыйынтыктап айтканда, Т. Закирова тарыхый мааниге ээ болгон кара сөз жана ыр түрүндөгү маалыматтарды билгичтик менен пайдаланып, Алымкул аталык менен Ташбек датканын образын ынанымдуу ачып берип, китептин таанып-билүүчүлүк, маданиятты үйрөтүүчүлүк, тарбиялык ж.б. маанисин арттырган.

Жогоруда аталган төрт көркөм чыгармадагы жалпылык, азыркы күнгө чейин тарыхчылар изилдөөгө албай, элге кылган эмгеги унутулуп, өз баасын албай  келе жаткан элдик баатыр Ташбек датканын өзгөчө инсан экендиги жана анын жоокердик, жетекчилик жана инсандык өзгөчөлүктөрүн ж.б. сөз керемети менен өтө таамай жана элестүү сүрөттөп, көркөм образын жаратып бергендиги.

Эң башкысы жогорудагы чыгармалар кыргыз элинин тарыхы жөнүндө сөз болгондо Ташбек датканын эмгеги унутта калбашы керектигин, анын эл үчүн жасаган эмгеги кыргыз тарыхчыларынын изилдөө предметине айланышы зарыл экендигин баса белгилейт. Ошондой эле жогорудагы чыгармалардын тарбиялык мааниси чоң болуп, Алымкул аталык, Ташбек даткадай инсандар жаш муундарга үлгү экендигин эсибизге салып, эл үчүн өмүрүн арнаган инсандар асмандан түшө калбагандыгын, баатырдык тубаса берилбегендигин, алар эл ичинде тарбия алып жүрүп гана баатыр, эр жүрөк, эл үчүн күйгөн инсан болуп калыптангандыгын турмуштук фактылар, окуялар аркылуу ынандырат.

Жыйынтыкта айтканда, жогоруда аталган чыгармалардан Ташбек датка  Кокон хандыгы тушунда өзүнүн акылдуулугу, кайраттуулугу менен карапайым эл арасынан суурулуп чыгып, ордого чакырылып, өзүнүн билгичтиги, эр жүрөктүүлүгү, тапкычтыгы менен ордодо кадыр - баркка ээ болууга жетишип, Кокон хандыгындагы эң таасирлүү инсандардын бирине айланган. Кийин жергебизге Орус бийлиги келгенде эл ичинде кадыр-баркы жогору болгон Ташбек датканы эл үч жолу өз чөлкөмүнө бий кылып шайлагандыгын, Эл өз баатырын унутпай азыркы күнгө чейин эл ичинде ал жөнүндө айтылып жүргөн аңыз сөздөр жашап, уламыштар муундан муунга  берилип, аны эскерип, даңктап келе жаткандыгын билебиз. Ошондой эле аталган чыгармалардан чыгармачылык изденүүнүн табияты,  тарыхый чыгармалардын үстүнөн иштөө процесси,  тарыхый чыгарма жараткан инсанга жүктөлүүчү жоопкерчилик таасын көрүнөт.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе аталган китептер жаш муундарды мекенчилдикке, ар бир адамдын мекен жана эл алдындагы жоопкерчиликке тарбиялоодо баа жеткис таберик болуп саналат.

Жыйынтык

Жогоруда аталган чыгармалар Ташбек датканын Кокон хандыгы тушунда, падышалык Оруссия колония мезгилинде эл үчүн жасаган иштерин жана анын инсан катары өзгөчөлүктөрүн: акылмандыгын, жоокер катары эр жүрөктүүлүгүн, баатырдыгын, эл башчысы катары адилет жана карапайым калкка күйүмдүүлүгүн жана  эл жерди коргоо жаатында жасаган эрдиктерин, анын өмүр бою эл үчүн эмгектенип келгендигин чагылдырат.

Ташбек датка жөнүндөгү чыгармаларда  атактуу баатыр датканын жоокердик, жетекчилик жана инсандык өзгөчөлүктөрү ар тарабынан ачып көрсөтүлүп, анын бүт сапаттары саналып олтурулуп анын психологиялык портрети ынанымдуу жаратылган.

Алымкул аталык менен Ташбек даткадай инсандар кыргыз элинин сакталышында эбегейсиз эмгек өтөгөндүгүн өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо үлгү экендигин белгилөөгө болот.

**Адабияттар**

1. Туяк ырчы. Эл оозунан жыйнап, китепти түзгөн Э.Эрматов. – Ош, – 2005,  – 78 б.
2. Закирова Т. Кош мунар: Алымкул аталык, Ташбек датка. Тарыхый-даректүү баян. – Бишкек, – 2021, – 160 б.
3. Мусабеков А. (Бакиев К.) “Дарыялар жайыкта кошулушат” – Жалал Абад, – 2002, – 386 б.
4. Мурзаев М.С. Дүйнө тааным. – Бишкек, Салам, – 2016. – 85 б.
5. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. /Түзгөн: Мурзаев М.С.  – Бишкек, – 2022. – 264 б.
6. Мурзаев М.С. Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрү. Вестник КГУ имени И.Арабаева. – 2024. 4/1 – 26 б.
7. Эрматов Э. Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. – Бишкек, – 2011.  II том. – 174-176 бб.

**Рецензенттер: педагогика илимдеринин доктору, профессор Бабаев Д.Б.**
**психология илимдеринин кандидаты, доцент Качикеев Т.Ж.**